Автор: Менеджер
21.09.2022 06:53 - Обновлено 21.09.2022 06:58

Билим берүү жана илим министрлигинин тапшырмасы менен Бишкек шаарындагы жогорку окуу жайлардын он үч психологу Баткенге барат. 15-сентябрдан бери Тажикстандын кол салуусунан жабыр тарткандар менен Ош мамлекеттик университетинин психологдору иштеп атат.

Тажикстан кол салып, тургундар эвакуацияланып башталганда эле Ош мамлекеттик университетинин психолог жана медицина кызматкерлеринен турган мобилдүү топ түзүлгон. Аны психология кафедрасынын башчысы Акчач Жолдошова жетектеп жатат. Мобилдүү топ тортко болүнүп иш алып барууда. 1-топ онлайн кенеш берсе, 2-топ аялдар жана балдар менен иштеп, 3-топ жер-жерлерге чыгып кетсе, 4-топ гуманитардык жардам боюнча иш алып барууда. Буларга университеттин магистранттары жана студенттери да жардам берүүдо.

Автор: Менеджер
21.09.2022 06:53 - Обновлено 21.09.2022 06:58

